**Ош мамлекеттик унверситетинин STEM инновациялык колледжинин “Туризм” адистигинин стейхолдерлер менен жолугушуусунун**
**8-февраль 2024-жылдагы**
**Протоколу**

Катышкандар:15

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. STEM инновациялык колледжинин орто кесиптик билим берүү системасына Туризм адистигине иш берүүчүлөр кызыккан тараптар менен жолугушууларды байма- бай өткөрүү.
2. Студенттердин практика учурунда көйгөйлөрүн чечүүнүн жолдору.
3. Сунуштар

2024-жылдын 8-февралында STEM инновациялык колледжинин “Профессионалдык дисциплиналар” бөлүмүнүн Ветеринария адистигинин жумуш берүүчүлөр менен ачык талкуу болду. Жолугушууга келген ишканалардын жетекчилери:

-Sanny мейманканалар тармагынын негиздөөчү партнеру Кут туристтик компаниясынын негиздөөчүсү **Нуриллаев Оболбек**

-Ош тревел туристтик компаниясынын негиздөөчүсү Эл аралык денгээлдеги гид Эл аралык денгээлдеги тренер **Хасанова Лада Евгеньевна**

-Pamir nomad тур компания конок үйүнүн негиздөөчүсү **Нишанов Абдыразак**

-ЭКоДом конок үйүнүн негиздөөчүсү **Акматов Алмазбек**

-Директор гостевого дома «ЭкоДом» **Жамшитов Абдырасул**

STEM инновациялык колледжинин проф. дисц. Сатыбалдиев Б.С. (бөлүм башчысы) Стейхолдерлер менен бүгүнкү жолугушууну ачык деп жарыялаймын.
Күн тартибинде кандай сунуштар бар?
**Сунуш:** Бекитилсин
Колго салып бектилди: “Макул” -10 “Каршы”- жок “Калыс”-жок



**Сатыбалдиев Б.С.-** Саламатсыздарбы урматтуу иш берүүчүлөр бүгүн сиздер менен  Туризм адистигинин 2023-2024 жылы үчүн жумушчу окуу программасы менен таанышып чыгыныздар. Сабактар боюнча карап, чыксаныздар эгер сунуштар болсо айтсаныздар. Ошондой эле сөз кезегин **STEM  инновациялык** колледжинин директоруна берсек.

**Абдылакимова Б. К.-**Саламатсыздарбы урматтуу коноктор STEM инновациялык колледжи    боюнча 10- багыттагы адистиктерди дайардайбыз. Кыска убакыттын, ичинде коптогон ийгиликтерге жетише алдык, ошондой эле ар бир адистик боюнча иш чаралар уюштурулуп, сайтка байма-бай киргизип турабыз. Бүгүн сиздер менен жолугушуубуздун максаты “Туризм” адистигиндеги  студенттер кайсы жерден аксап жатат.

Кандай маселелер келип чыгып жатат, бүгүн ушул маселелерди сиздер менен талкуулаcак.

**Сунуш**: Sanny мейманканалар тармагынын негиздөөчү партнеру Кут туристтик компаниясынын негиздөөчүсү **Журиллаев Оболбек** менин сиздерге сунушум катары “Жашыл технология” деген сабакты киргизсениздер. Себеби: биздин экологияга көз карашыбыз начар абалда болуп жатат. Ошондой эле География сабагында “Топонимика” (жер суулардын аталыштарына) унверситет жана колледж тарабынан өзгөчө көңүл бурсаныздар.

**Сунуш**: Pamir nomad тур компания конок уйунун негиздөөчүсү **Нишанов Абдыразак**
Туризм адистиги боюча окуган студенттерге “Компьютердик базаны жогорулатуу excel программасына басым жасап, үйрөнүшсө. Ошондой эле жаратылышты студенттер таануу үчүн талаа практикасына чыгышса. Туризмди өнүктүрүш үчүн экология жаратылышты, коомду, мамлекетти билиш үчүн көбүрөөк көңүл бурушубуз керек. Ошондой эле Туризм адистигине Спортивный туризм, деген сабак кирсе жакшы болмок”

**Сунуш**: Ош тревел туристтик компаниясынын негиздөөчүсү Эл аралык денгээлдеги гид Эл аралык денгээлдеги тренер **Хасанова Лада Евгеньевна**
“Кыргызстандын экономикасын көтөрүү ошондой эле Кыргызстанды дүйнөгө тааныштыш үчүн биз Туризмди өнүктүрүшүбүз керек андыктан Туризм адистиги боюнча ар бир билим алып, жаткан студент Кыргызстандын жаратылышын, ар бир областардын кооз аймактарын, өзгөчө тарыхый жерлерин билүү керек. Сунуш катары студенттерге мумкун болушунча жайкы практикага алып чыгып, Кыргызстандын тоолорун, областтардын өзгөчө жерлерин тааныткаяныздар.Андан сырткары Туризм адистиги боюнча студенттер башка мамлекеттерге да барышса мисалы: Турция Өзбекстан ж. б барып көрүп, Кыргызстан Туризм тармагы боюнча эмнеси менен айрмаланганын үйрөнүп, жоопкерчилик менен мамиле кылышса”

**Сунуш** : ЭКоДом конок үйүнүн негиздөөчүсү **Акматов Алмазбек**
«Менин сунушум бизде тарыхый жерлер көп. Мисалы: Туристер Ошко келгенде Оштун таанылбаган тарыхый жерлерин таанытып, билдирсек жакшы болот эле.»

**Сунуш:** Директор гостевого дома «ЭкоДом» **Жамшитов Абдырасул**
«Мен кыскача эле Туризм адистигине сунушумду киргизсем.Студенттер өз жерин өсүмдүктөрүн тааныш үчүн жайкы практика сабактары көп болсо мисалы: сыртка тоого алып чыксаныздар.

**Токтом:**

1. Жогоруда айтылган сунуштар эске алынып, Туризм адистигине өзгөртүүлөр киргизилсин.
2. Практикалар боюнча иш алып барылсын, жана өзгөчө көңүл бурулсун.

**Стейхолдерлердин жолугуусунун катчысы:** **Сыдык кызы Ыкыбал.**